
БАНК КОМПАНЬОН®
Малга кам көрүү
боюнча кеңештер
www.kompanion.kg
КРУБ №053 лицензиясы

# ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫН ЖУГУШТУУ ООРУЛАРДАН АЛДЫН АЛУУ

## ЖУГУШТУУ ООРУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бул организмге оору чакыруучу микроорганизмдердин кирип кетүүсү менен башталган оорулардын тобу.

Жугуштуу оорулардын ичинен жаныбарлар үчүн эң кооптуусу:
1) күйдүргү, 2) кутурма, 3) бруцеллез, 4) ящур, 5) оспа.



## ЭМДӨӨНҮН МАКСАТЫ:


- Жаныбарлардын ооруларга туруктуулугун жогорулатуу жана малдын башын оорудан сактап калуу.

## ПАЙДАСЫ:

- Эмдөөгө кеткен акча жаныбарларды дарылоо же өлүмүнө байланыштуу чыгымдарга караганда кыйла азыраак.

Үй жаныбарларын эмдөөнү адатта жазда жана экинчи ирээт күздө жүргүзүшөт. Эмдөөнүн дозасы малдын салмагына жараша тандалат.

## ДЕЗИНСЕКЦИЯНЫН МАКСАТЫ:



Жаныбар жүргөн жайда, короодо жана малдын денесиндеги жугуштуу оорунун козгогучтарын зыянсыздандыруу же жок кылуу.

## ДЕЗИНСЕКЦИЯНЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ:

- Жайды кир менен жемдин калдыктарынан тазалаңыз;
- Тешиктерди бүтөп, сарайды бекемдеңиз;
- Болгон беттерди (дубал, шып, пол) дезинфекциялоочу эритме менен тазалап сүртүңүз.

# МАЛДЫ ИНВАЗИЯЛЫК ЖУГУШТУУ ООРУЛАРДАН АЛДЫН АЛУУ

Инвазиялык ооруларды жөнөкөй сөөлжан, кене, курт-кумурска жана гельминттер чакырышат. Алар дененин сыртында да (экто мителер), организмдин ичинде да (эндо мителер) жашай алышат.

Мителердин айынан мал өндүрүмдүүлүгүн жоготот жана адам үчүн ооруну жуктуруу булагы болот. Өзгөчө балдар үчүн коркунучтуу, анткени ооруну жуктуруу кир кол, оюнчук, кум аркылуу жүрөт.



## ЖУКТУРУУНУН НЕГИЗГИ ЖОЛДОРУ:

- Таза эмес тамак-аш, суу жана жуулбаган жашылча-жемиш аркылуу;
- Тиричилик жолдору менен – буюм, үй жаныбарлары, ооруну жуктуруп алган үй-бүлөнүн мүчөсү аркылуу;
- Кан соргон курт-кумурскалар аркылуу;
- Тери жана былжырлуу челдин оору жуккан жер жана суу менен болгон тийишүүсү аркылуу.

## ! АЛДЫН АЛУУ ЖОЛУ:

- Дегельментизация — адамды, малды, чөйрөнү (суу, жер, тамак-аш) мителерден тазалоо;
- Бөлмөлөрдө санитардык тазалоо жүргүзүү — дезинфекция, дезинсекция, малды жуунтуу;
- Гигиенаны сактоо — кол жуу, таза суу менен колдонуу, жашылча-жемишти жакшылап жуу;
- Жайыттарга кам көрүү — заң менен булгануусун алдын алуу.

## МАЛДЫ КАРОО

## ИММУНИТЕТ ҮЧҮН:

Төө жалбырактын тамыры — канда, дем алуу жана лимфа системаларындагы мителерден эффективдүү жардам берет. Малдын жемине кошуп берилет.

Арчанын (можжевельник) кара майы — мал котурга кабылганда колдонулат (майга аралаштырып кайнатып, суутуп, денеге сүйкөшөт).

## МАЛДЫ МАЛ КОРООДО КАРМОО

### КҮНҮГӨ;

Кык, заара ж.б. таштандыларды күн сайын жыйноо.

Малдын башынан өйдө болгон терезелердин ачылышын камсыздоо.

### КЫШТЫН АЛДЫНДА;

Кышта мал кармалуучу жайды оңдоп, дезинфекция жүргүзүү.

Өтмө шамалды токтотуп, дубал жана шыпды жылулоо, эшик жана терезелерди жакшы жабуу.

Кышкысын жылуулукту сактоо үчүн малды кармоо эрежелерин сактоо.

### КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!

Ашыкча нымдуулук жана сууланууну болтурбоо үчүн мал сарайды туура долбоорлоо маанилүү.

Эң аз дегенде жылына 2 жолу дубалдарды актоо керек.

# ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА МАЛДЫ ЖАЮУГА ДАЙЫНДОО

Жайыттарды деградациядан сактоо жердин түшүмдүүлүгүн сактап, келечектеги муунга өткөрүп берүү үчүн маанилүү.

- Чөп тамыры менен желип кетпеши үчүн малды бир калыпта жаюу керек.
- Чөптүн узундугу 15-20 см жетмейинче мал жаюуну баштабаңыз.
- Жакынкы жайыттын калыбына келиши үчүн малды алыскы жайыттарга жаюу керек.

## МАЛДЫ ЖАЙЫЛУУГА ДАЙЫНДОО:

- Аларды дарылап, ветеринардык китепке киргизүү;
- Жүнүн кыркып, туяктарын тазалоо;
- Мал жайылуучу жолдорду айнек жана таштандыдан тазалоо.

## ЭСКЕРТҮҮ

Эчкилер көбүнесе чөптү тамыры менен кошо жулуп салышат.



## МАЛДЫ ТӨЛДӨТҮҮ ЖАНА СҮТ БЕРГЕН МАЛДЫ ТАНДОО

Уйду тандап алуунун алдында анын тукум курамын жана берген сүтүнүн сапаты менен көлөмүнө көңүл буруу керек.

## ЖЕЛИН ТЕКШЕРҮҮ


Примитивдүү желин — начар өрчүгөн, жарым тегерек формада, чоң жана бири бирине жакын жайгашкан учтары менен болот. Мындай форма көпчүлүк учурда туура эмес шартта багылган малда кездешет (ошон үчүн желиндин башка түрлөрү артыкчылыктуу).

## УЙДУН ТҮРЛӨРҮ


Уйлардын 2 түрү бар: сүт багытында жана сүт-эт багытында. Тоолуу аймактар үчүн эт жана сүт-эт багытындагы түрлөр артыкчылыктуу. Өрөөндөр үчүн – сүттүү жана сүт-эт багытындагы түрлөр артыкчылыктуу.

## УЙЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮНҮН АЙЫРМАСЫНЫН КӨРСӨТҮҮ

сүт



эт



# СҮТ ЖАНА СҮТ ӨНҮМДӨРҮН САКТОО ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ

Чыпкалоо — марля же фильтр аркылуу кошулмаларды алып салуу.





Муздатуу — +4...+6 °C чейин температурасын түшүрүү.

Пастеризациялоо — бактерияларды жок кылуу үчүн 63–72 °C чейин жылытып, тез муздатуу.





Гомогенизациялоо — бирдей консистенцияга келтирүү үчүн майларды майдалоо.

Сепарациялоо (зарылчылык барда) — каймакты бөлүп алуу.

Таңгактоо жана сактоо — таза идишке куюп, муздаткычта сактоо.



# ИРИ МҮЙҮЗДҮҮ МАЛДЫ СЕМИРТҮҮ ҮЧҮН ДАЯРДОО

Арзан жемди жайында даярдап баштоо — сенаж, силос, саман, жемиштердин тамырлары, кайра иштетүүдөн калган калдыктар (жом, кебек). Кымбат комбикормду сатып албоо үчүн өз чарбаңыздын ресурстарын колдонуу.

Рациондун көлөмүн тактап алуу — жемди энергиялык баалулугу жана күнжара, майдаланган эгин жана минералдык кошулмалар менен байылтылгандагы белоктун көлөмү боюнча тең салмакташтыруу. Артыкча же тескерисинче жетишсиз тамактандырбоо зарыл.



Өтмө шамалсыз, жылуу жана кургак сарай — мал жеген жемин жылынуу үчүн эмес, өсүүгө коротушу үчүн ага таза жана кургак жай камсыздоо керек.



# МАЛГА ЖЕМ БЕРҮҮ ЖАНА ЖЕМДИН ЖЫЛДЫК ЭСЕБИН ТАКТОО

## 1 малга жемдин көлөмүн кантип тактоо керек

| Малдын түрү | Жемдин түрү | Күндүк жемдин нормасы (кг) | Байлоо мезгили (күн) | Жалпы жемдин көлөмү (кг) |
|---|---|---|---|---|
| Майда мүйүздүү мал (кой, эчки) | Чөп | 1,5 – 2 | 180 | 270 – 360 |
| | Концентраттар | 0,2 – 0,4 | 180 | 36 – 72 |
| Ири мүйүздүү мал (салмагы 400 кг) | Чөп | 4 | 180 | 720 |
| | Ширелүү жем | 15 | 180 | 2700 |
| | Концентраттар | 3 | 180 | 540 |

## Кыштоо үчүн жем (малдын 1 башына).

Ири малдын түрүнө жараша саноолор түрдүү жүргүзүлөт. Келтирилген саноолор божомолдуу гана болуп эсептелет.

- Чөп — 1,5 – 2 т.
- Силос же жемиштердин тамырлары — 3 – 4 т.
- Концентраттар — 0,5 – 0,8 т.
- Туз, бор, витаминдер — нормасына жараша.

!

Жемди пландалгандан 10-15% көбүрөөк даярдаңыз. Мүмкүн болгон жоготууларга же ызгаардуу кышка кам көрүңүз.

## ИРИ МҮЙҮЗДҮҮ МАЛДЫ СЕМИРТҮҮ

## ЧЫГАША ЖАНА КИРЕШЕ

20 айлык торпоктун божомолдуу баасы – 35 000 с.
Салмагы – 280 кг.
Мал доктуруна көргөзүү – 500 с.
Жем – 8 500 с.

Жемди күнүнө 1000 г. көбөйтсөңүз, 3 айдын ичинде анын салмагы 370 кг чейин жогорулайт (орточо салмак *50%, чоңураагы *60%).

**370 кг * 60% = 222 кг * (1 кг эт үчүн болгон баа) = жалпы сумма**
**Жалпы сумма – чыгаша = сиз тапкан киреше**

## СЕМИРТҮҮ ҮЧҮН МАЛДЫ ТАНДОО

- Семиртүү үчүн 20 айлык торпокторду тандоо сунушталат (ИММ). Алардын салмагы жакшыраак жана жаш малдын эти кымбатыраак болот.
- Жаш ургаачы уйлардын эти кымбатыраак бааланат, бирок торпоктор батыраак салмак кошот.
- Семиртүү үчүн мал тандалган мал сөзсүз мал доктурдун көзөмөлүнөн өтүшү керек.
- Артыкчылыктуу малдын тукумдары: Абердин-ангус, Лимузин, Шаролез. Бул тукумдар тез жана жаш кезинде эле салмак кошо алышат.

! Ири мүйүздүү малды кармоо үчүн татыктуу шарт түзүңүз. Мал канчалык жылуу жерде багылып, дени сак болсо, ошончолук эрте салмак кошот. Суукта малдын салмак кошуусу кыйыныраак болот.